УДК: 801.6:82-13 (575.2) (04)

# ЫСМАЙЫЛ БОРОНЧИЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

**Тилекова Мээрим Тилековна**
аспирантrf

# СТАНОВЛЕНИЕ ТВОРЧЕСТВА ЫСМАЙЫЛА БОРОНЧИЕВА

**Тилекова Мээрим Тилековна**
аспирантка

# FORMATION OF CREATIVITY OF YSMAYIL BORONCHIEV

**Tilekova Meerim Tilekovna**
postqraduate student

*КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту*
*Institute of Language and Literature named after Chyngyz Aitmatov of the NAS KR*
*Институт языка и литературы имени Ч. Айтматова НАН КР*

**Аннотация.** Аталган макалада кыргыз элин башка улуттардан айырмалап келген төкмөлүк өнөрдүн жаралышы, өнүгүшү, андагы калыптанган салттуу белгилер өмүр жолу совет мезгилине туура келген Ысмайыл акындын чыгармачылыгынан мисалында изилденет. Ысмайыл акындын чыгармачылык такшалуусу – чыгармачылыкка ык койгон алгачкы элдик чөйрөнүн таасири, экинчи, айылдаш сөзгө, ырга шыктуу өнөрлүүлөргө кезигүүсү, үчүнчү, артистикке кабыл алынышы сындуу этаптардан турат. Бул этаптар акындын чыгармачылык эволюциясын жетекке алуу менен талданат. Ошондой эле төкмөлүк өнөрдүн оозеки турган жеринде ырдоо, ар өнөрдү (артисттик, аткаруучулук, обончу, комузчулук ж.б.) алып жүргөн синкреттик касиеттери да талданат. Жыйынтыгында Ысмайыл Борончиев чыгармачылык калыптануунун салттуу жолун басып өткөн, өзү жашап жаткан доордун талабына ылайык окуп-билим алганы менен ырчылык өнөрдөгү салттуу темаларды, ыр формаларын, ыр куруу техникасынын салттуу ыкмаларын толук бойдон өз чыгармачылыгында калыптандырган төкмө акын катары бааланат.

**Негизги сөздөр:** өнөр, үйрөнүү, устат-шакирт, элдик чөйрө, жаттоо, кунт коюу, калыптануу, жамакчылык, өз алдынчалык, такшалуу ж.б.

**Аннотация.** В этой статье говорится о создании импровизации, его развитие и творчество известного кыргызского акына Ысмайыла Борончиева. В развитии творчества Ысмайыла Борончиева влияло круг творческих людей, встречи с творческими людьми. Анализируются синкретические свойства, обеспечивающие устное пение произведений народного творчества, таких как, исполнение, мелодия и игра на комузе. Ысмайыл Борончиев исвестен как поет, который следовал традиционным путям творческого становления, учился и получал образование в соответствии с требованиями эпохи, в которой он жил, формировал традиционные темы, песенные построения техники в своей работе.

**Ключевые слова:** искусство, обучение, внимание, народная среда, запоминание.

**Abstract.** This article talks about the creation of improvisation, its development and the creativity of famous Kyrgyz akyn Ysmayil Boronchiev. The development of Ysmayil Boronchiev's creativity was influenced by a circle of creative people and meetings with creative people. The syncretic properties that provide oral singing of works of folk art, such as performance, melody and playing the komuz, are analyzed. Ysmail Boronchiev is known as a singer who followed traditional paths of creative development, studied and received education in accordance with the requirements of the era in which he lived, formed traditional themes, song construction techniques in his work.

**Keywords:** art, learning, attention, folk environment, memorization.

Дүйнөлүк практикада тигил же бул элди же улутту башка бир элден, улттан айырмалап турган тилдик, социалдык, маданий ж.б. өзгөчөлүктөрү бар. Ал өзгөчөлүктөр ар бир элдин жашоо образына, мүнөзүнө ылайык дүйнө таанымына, тилдик мүмкүнчүлүктөрүнө, калыптанган маданиятына, үрп-адат, каада-салтына ж.б. касиеттерине негизделет. Кыргыз эли байыртадан көчмөн турмушту башынан кечирип, табият менен таттуу мамиледе болуп, руханий улуулукту туу тутуп, тарыхын, санжырасын, өтмүшү менен бүгүнкүсүн жадында сактап, өз тилин туу тутуп, сөздү кадырлап, аны дилинде багып, дүйнөдө эч бир элде кезикпеген “Манас” эпосундай улуу руханий “күлазыкты” жаратып, мындан улам өзүнчө улут катары дүйнө элдери менен теңтайлашып келе жатат. Мунун негизги сыры – сөздү кадырлоо, сөзгө маани берүү, өнөр, маданиятты аздек тутууда жатат. “Манас” эпосу баш болгон улуу эпикалык мурастарды жаратып, аны чайпалтпай, бөксөртпөй улам кийинки муунга оозеки сабактап, ага тарыхын, маданиятын, үрп-адат, каада-салтын кошо жууруп, улам кийинки муундарына оозеки сабактап айтуунун башкы негизи – төкмөлүк өнөрдө жатат.

Төкмөлүк өнөр – эч кандай даярдык көрбөстөн турган жеринде ыр жаратуу. Көрөрман журт, калк алдында ырды токуп, аны обон, аспап менен коштоп, дароо аткарып берүү өнөрү илимде – импровизация деп аталат. Импровизация – “алдын ала даярдыксыз ар кандай көрүнүштөр жөнүндө оозеки ырдоо өнөрү» [1, 96]. Кыргыз маданиятындагы ырчылык өнөр байыркы мезгилдерде оозеки элдик чыгармачылыктан башат алып, бүгүнкү күнгө чейин улам бир мезгилдин сыноосунан өтүп, кийинки муундар тарабынан кайталанып, салттуу өзгөчөлүктөрдү калыптандырган. Ал салттуулуктар “...ырчылыкты өздөштүрүү салтынан (устат-шакирт), турган жеринде төгүп ырдоодон, ырчылыктын синкреттик табиятынан, тематикалык-поэтикалык окшоштуктардан” [2, 52] көрүнөрүн адабиятчы М.Көлбаева белгилейт. Демек, тигил же бул өнөрлүүнүн чыгармачылыгындагы ырчылыкты аныктоодо бул белгилер жетекке алынышы шарт.

Ырчылыкты кесип катары тутунуп, өнөрдү жан дилинде сактап келген ырчы, акындардын көпчүлүгүндө кезиккен өзгөчөлүк – ырчылыкты калыптандыруу же өнөр үйрөнүү, үйрөтүү салты – устат-шакиртчилик негизги салтуулук экени көрүнөт.

Көпчүлүк төкмө ырчылардын балалыгында кездешкендей эле, Ысмайыл да эл арасында мурда-кийин ырдап келген акын-ырчылардын чыгармаларын жаттап, эл арасында аткарып, кези келгенде өзү бирин-экин сап кошуп ырдай коюп, чоң ырчыларды туурап тажрыйба топтоо менен ырчылыкка ык коёт.

Ысмайыл акындын чыгармачылык такшалуусуна үч жагдайдын түрткү болгону тууралуу А.Обозканов буларга

токтолот: "...биринчиси, жугумдуу, сөзгө, ырга, күүгө, дегеле өнөргө маани берген ошондогу элдик чөйрө. Экинчиси, филармонияга киргенге чейинки мезгилдеге Адамкалый, Осмонкул, Шаршен өңдүү чоң өнөрпоз айылдаштарына кездешкен жагымдуу учурлар. Үчүнчүсү, 1936-жылкы кыргыздын тунгуч филармониясына артист болуп кабыл алынышы" [3, 685] – дейт.

Чынында да көөдөнүндө өнөрдүн уюткусу бар, чыгармачылыкка ызааты күчтүү Ысмайылдын бала кезинде эл арасындагы ырга, сөзгө жакын адамдарды паанектеп, алардын ар бир куйкум сөзүн, курч тилин көкүрөгүнө түнөтүп, айыл арасындагы сөз билги Талканбайдын өз абалын баяндаган:

"Келдим Кегетинин сайынан,
Жокчулуктун айынан.
Төөдөн башка малым жок,
Кызмат кылар алым жок.
Өзүмдүн атым Талканбай,
Сүйлөгөн сөзүм чалкандай" [4, 20]

– деген сөзүн. Талканбайга ачуусу келген Азыкбайдын:

Кышы-жайы Талканбай,
Кыдырып жүргөн дубана.
Боздоп жүрөт сары инген,
Ботосу экөө убара.
Кызылды көрүп кайрылып,
Кызыгып келдиң буга да.
Кысыры качат эгиндин,
Кырмандан бала кубала [4, 21]

– деп айыл арасындагы ак сакал, сөз билги карыялардын кырманда кызыл талашып, айтышканын көкүрөгүнө жат кылышы, кийин аны "Азыкбай менен Талканбай" деген эскерүү иретинде "Ырчынын өмүрү" (1969) аттуу жыйнагына киргизиши эле акындын бала күнүндө эле куйма кулак, бир укканын эсинде дайыма сактай ала турган өзгөчө зирек бала болгонун күбөлөйт.

Акындын алгачкы чыгармачылыкка келүүсү, ырчылыкка ык коюусу тууралуу өзү буларды эскерет: "...мен бала күнүмдө ашта-тойдо ат, кунан чабылат экен. Мен ат, кунан чапчу элем. Ошол аш-тойдо ырчылар, жарчылар ырдайт экен. Элибизде Калмырзанын уулу Борбу деген, Акмат Рысмендеев деген өнөрлүүлөр чыгып ырдайт эле. Мен ырды жакшы көрчү элем. Күлүк атты ары-бери бастырып, ошол өнөрлүүлөргө имерилип, ырларын укчу элем. Бирөөлөр ырдап атса ырын жаттап калуу бат эле көнүлгө сактап калат элем. Ат чапкандан калып чоңойдум. Айылда бозо-жоро, шерине болот. Анда ким ырчы? Мен ырчы. Ошентип менин ырым акырындап көбөйүп, жоро, бозонун акыны болуп калдым. Алгач комузбу билчү эмесмин. Башты сыйпалап туруп, түштүктүн акындарындай жөө эле жиберчүмүн. Ошентип жүргөн кезимде айылга оюн коюп, артистер келди. Ошол 1935-жылдын аягы эле. Айтай, Шаршен, Бекмурат, Актан, Калык, Чалагыз бир тобу барып, концерт коюшат. Айылыбыз да Бозум деген киши бар эле. Мобул биздин балабыз да ырчы боло турган, угуп көргүлөчү, ырдап берсин деп калды. Мен ырдадым. Атай көрдү. Башкалар да сындан өткөрүп, борборго бар деп кетишти. Ошол жылы жазында 25-майда борборго келдим. Театрдын башчысы Бектурсунов Сүйүн деген киши экен. Жусуп ар экен. Молдобасан, Калык, Осмонкул бар экен. Мени сынашты. Мен салам айтып ырдадым. Акын болчу бала экен. Жарайт деп чечим чыгарышты. Ошентип 19-май күнү 1936-жылы артист болуп кабыл алындым" [4, 20] – дейт.

Акын өзү 10-12 жашымда деп эскерип жазган "Жалгыз өрүк" аттуу эскермесинен да чыгармачылыкка дем берген айылдык өнөргө жакын, сөз билги аксакалдардын окуясы да Ысмайыл акынды шыктандырып, сөзгө, куудулдукка, чукугандай кеп тапкычтыкка, ар кандай кыр даалдан күлкү жаратуу менен чыга алганын, аны көркөм сөз менен шөкөттөп, калк назарын буруп, көңүлүн көтөрүүгө шык бергенин көрүүгө болот. Айылдагы ооруп жаткан Моңолбай деген аксакал менен анын курдашы Оңолбайдын

курдаштык тамашасы, Моңолбайдын аялынын бала сурап, жалгыз өрүккө барган зыяраты, ооруп жаткан чалына сойбогон кара козуну Чоң Алыштын боюндагы жалгыз түп өрүк пири мазарына бала тилеп барып союшу, ал жерден дасторкон ачылып, боорсоктор чачылып, эт казанда кайнаган учурдагы Оңолбайдын мазар ээси сындуу ак кийим менен көрүнүп, мындан улам аялдар мазардан кечип, баладан безип, бакырык-өкүрүк менен үйүнө качышы сындуу окуялардан акындын бала кезинде эле чыгармачылыкка жакын экендигин көрөбүз. Демек, Ысмайыл акындын балалык күндөрү тууралуу жогоркудай эскерүүлөрү акын бала күнүндө эле айыл арасындагы сөз билги аксакалдар менен аралаш жүрүп, кыргыздын сөз өнөрүн көкүрөгүндө жат кылып, ар кандай күлкү жаратуучу жагдайларды көрүп, айрымдарына өзү да аралышып, турмуштук жагдай, шартка ылайык күлкү аркылуу көп кырдаалдан чыгуунун жолдорун эсине сактап, өнөргө болгон элдик таалимдин алгачкы сабактарын алат.

Гүлдөгөн Чүйдө туулду эле,
Күлкүгө бүткөн уул эле.
Термечиктин Шаршени,
Теңдешсиз кетти кантели.
Кыялы менен өнөрү,
Кызарып күйгөн чок эле,
Орто Азия элинде,
Ойлосом андай жок эле [6, 105] – деп

Ысмайыл өзү айтылуу өнөр ээси Шаршен Термечиковду ырына кошкондой, Адамкалый, Осмонкул акындар менен коюн-колтук алышып, кези келгенде ырдашып жүрүп эс тарткан акын ыр куроонун, эл ардында тартынбай ырдоонун алгачкы таалимин алганы чыгармаларынан ачык байкалат.

Ар бир акындагы чыгармачылык такшалуусундагы элдик чөйрөнүн таа сирин талдоодо кайсы гана акындын чыгармачылыгын мисалга албайлы баа рында чыгармачылык турган жеринде "автоматтык" түрдө эмес, көп таасирдүү, белгилүү бир диалектикалуу татаал көрүнүш экенин эске салып, адабиятчы К. Кудайбергенов буларга токтолот: "...бир дарыя менен бир дарыянын жаралышы жана кубаттуу добушу бир агымга айланышы бири-бирине окшобогон сыңары, ырчылыктын жаралышы, калыптанышы бири-бирине окшошпойт. Ар бир күчтүү ырчыны күчтүү чөйрө төрөйт. Табиятында канчалык шыктуу болбосун ырчыга өзүнө тете ырчы болбосо чабал тартары бышык" [7, 109]. Демек, Ысмайыл акындын чыгармачылык такшалуусунда бала күнүндөгү сөзгө, ырга жакын элдик чөйрө, андан ары бийиктегенде Аламкалый, Шаршен, Осмонкул өңдүү өнөрлүүлөрдүн чыгармачылык таасири өтө күчтүү болгон.

Мына ошентип чыгармачылыкка жол салган элдик таасир улам бийиктеп отуруп, 1936-жылы андагы Фрунзе шаарына келип, артистикке кабыл алынат. Анда филармония жок, жалгыз гана театрда Мураталы Күрөңкеев, Модобасан Мусулманкулов, Калык Акыев, Осмонкул Бөлөбаалев ж.б. элдик өнөрдү алып жүрүүчүлөр менен бир жайда иштеп, чыгармачылык калыптануунун жаңы тепкичине көтөрүлөт. Театрга кабыл алынар алдында эле "Шаршен айткандай, акын болчу бала экен, ар нерсеге жакын болчу бала экен" [4, 5] – деп Атай Огомбаев тааныштырып, учурашып ырдоосун сунуштайт. Мунун өзү эле акындын буга чейин ырга жөндөмү төшөлүп, таланты таанылып, жамактап ырдоонун алгачкы баскычтарын үйрөнүп калганын ырастайт. Ошол саламдашуусунда эле Калык ырчынын купулуна толуп, акын:

"Талантың болсо тартынба,
Таянчың болом артыңда...
Эл таанысын, артыман,
Ээрчип жүр кунан-тайга окшоп" [4, 6-7] – деп

устаттык улуу жолду көрсөтөрүн айтып, ак жол каалаган экен. Мына ошондон баштап Ысмайыл акын өзү "ошол кезде кыргыз өнөрпоздорунун бир уюткулары" [6, 16] келгенин байка-

дым – деп эскергениндей, сөз өнөрүнүн мыкты өкүлдөрү менен бирге иштешип, Осмонкул, Калык акындардын ырчылык тын сырларын үйрөнүп, таасирленип, бул эки акынды өмүр бою устаты катары сыйлап жүрүп өткөн. Акындын устаттарына карата сыйы анын "Элиңдин кетпейт оюнан", "Эстелик" аттуу ырларында ачык көрүнөт:

"Үлгүлүү нуска ырларын,
Үйрөнүп далай ырдадым.
Элестеп турат көзүм,
Ээрчип жүргөн жылдарым" [6, 238]

Ошол эле учурда Калык ырчы да:

"Окуучунун кенжеси,
Ошо Ысмайыл болучу.
Ортого ырдап мен жокто,
Ордумду баса коюучу.
Азыр болсо Ысмайыл,
Айтылуу ырчы болгон кез.
Абийир-даңкка конгон кез. [8, 102] –

деп Ысмайыл акын

кадимкидей жетилип, ырчылыктын сырларын толук өздөштүрүп "ордун басар" шакирти болуп калганын ырларында кубануу менен белгилейт. Ошол эле учурда элдик өнөрдү көкүрөгүндө аздек тутуп, төкмө ырчылыктын миң түрлүү сырларын үйрөнүүдө филармониянын, ал жерде иштеген Мураталы, Калык, Карамолдо, Осмонкул, Алымкул, Атай, Шаршен ж.б. кыргыз өнөрпоздорунун алптарынын таасири өлчөөсүз болгонун акын да ырларында ырастайт. Демек, акындын бала кезиндеги сөзгө өзгөчө маани бериши, андан улам сөз кадырлаган, анын баркын билген, ага жакын чөйрөдө тарбия алып торолушу же ырчылыкты калыптандырган элдик чөйрөнүн таасири улам бийиктеп, калыптанып өз алдынча ыр курооого жетелейт. Эл алдында ыр куроо аны филармониягы алып келип, ал жерде Адамкалый, Шаршен, Осмонкул баш болгон сөз зергерлеринен таалим алып, чыныгы төкмөгө айланат. Калык, Осмонкул ырчылардын өнөрүнө ызааты күчтүү болуп, өмүр бою эки акынды устаты катары урматтап жүрүп өтөт. Өмүрү совет мезгилине туш болгон Ысмайыл акындын чыгармачылык калыптануусу байыртадан бери өнөрдө жандуу кубулуш катары сакталып келген салттуу өнөр үйрөнүү (устат-шакиртчилик) салтына ылайык калыптанды.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. I том. [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы ред. астында. 2 – бас. – Бишкек: "Шам", – 2004, – 684 б.
2. Көлбаева, М. Акындар чыгармачылыгындагы салттуулуктардын типологиясы [Текст] / М. Көлбаева К. Карасаев. – Бишкек: К. Карасаев атындагы БГУ, 2014. – 120 б.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст]: окуу китеби / ред. А. Акматалиев. – Бишкек: Кыргыз УИА, 2012. – 5 т.: Кыргыз эл ырчылары. – 687 б.
4. Борончиев Ы. Ырчынын өмүрү [Текст] / Ы.Борончиев, – Фрунзе: «Мектеп» басмасы. – 1969, - 129 бет.
5. Ысмайыл Борончиев Өзү жөнүндө // https://www.youtube.com/watch?v=UfbLextwXMg
6. Борончиев Ы. Мекеним [Текст] / Ы.Борончиев, – Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы. – 1980, - 262 бет.
7. Кудайбергенов К. Жаңы кырдаалдар жана акын [Текст] / К.Кудайбергенов, - 1970, 235 б.
8. Акыев К. Баскан жол: Баян. [Текст] / 3-бас. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 256 б.